Дөнөнбаева Айгул Жонотбаевна,
Талас мамлекеттик университетинин
китепкананын башчысы
г.Талас ул. Ленина 192.
Тел.: сл. 5 20 67, сот 0770170691
Эл. почта: donоnbaieva@mail.ru

# Талас мамлекеттик университетинин илимий китепкананын билим берүү багытындагы ролу

Китепкана-эл улут учун ыйык жер, адеп ахлактуулуктун, билимдин , акылмандыктын булагы.

Китепкана китеп менен,жана окуу тарбиялык процессти жана илимди изилдөөнү маалымат менен камсыз кылуучу, ошондой эле билимди, интеллектуалдык карым катнашты жайылтуучу жогорку окуу жайынын бирден бир алдынкы катардагы мекемеси болуп саналат.

Талас мамлекеттик университетнин илимий китепканасы студенттердин жана профессордук окутуучулар курамын китепканалык жана маалыматтык библиографиялык тейлоону камсыз кылат. Китепканада маалыматтык библиографиялык бөлүмдө студенттерге жардам катары газета-журналдлардын картотекасынын жардамы менен окурман өзүнө керектуу материалдарды таап алууга мүмкүнчүлук түзүлгөн. Андан тышкары ар бир силлабус,контролдук иштерге темалар жайгаштырылган .

Илимий китепкана маалыматтарды табуунун жана аларды окуу процессинде кандай пайдалануу керектигин үйрөтөбүз. Окурмандардын талаптарын канааттандыруу максатында окуу куралдарын үйрөнүү процесстерин окурмандардын маалыматтык керектөөлөрүнө жараша жүргүзөбүз.

Илимий китепканада илимий изилдөөчүлүк иштерди жайылтып, окурмандардын кызыгууларын билүү максатында ар кандай консультация

өтүлүп турат. Китепканалык жана маалымат берүүчү библиографиялык бөлүмдүн жардамы менен окурмандардын адабиятка болгон кызыгуусун толук канааттандырууга аракет кылабыз.

Биздин милдет окурмандарга окуу процессинде китеп менен иштөөнү уйрөтүү.

Илимий китепкананын тарыхына токтолуп өтсөм илимий китепкана 1997-жылы февраль айында түзүлгөн. И.Арабаев атындагы КМПУнун Таластагы филиалы 1996-жылдын 1-февралында Талас областтык администрациясы жана И.Арабаев атындагы КМПУнун ортосундагы келишимдин негизинде ачылган. Китепкананын ачылышына китеп фондун түзүүдо И.Арабаев атындагы КМПУ, облОНО, райОНО жана институттун окутуучулар курамы демөөрчүлүк жардамдарын көрсөтүшкөн."Сорос Кыргызстан" фонду 209227 сом өлчөмүндөгү 2087 даана китептер бөлүнүп берилген.

Биринчи окуу залы гана ачылса кийин маалыматтык библиографиялык, китеп топтоо бөлүмү, абонемент ачылды. 2000-жылдын 25-июлунда КР. Президентинин указынын негизинде Талас мамлекеттик университети ачылды. Талас мамлекеттик университети түзүлгөндөн кийин илимий китепкана дагы кенейип, ар бир факультетте өзүнчө китепканаларды түзүүгө шарт түзүлдү

Азыркы убакта илимий китепканада окуу залы, маалыматтык библиографиялык бөлүм, китеп топтоо бөлүмү, абонемент жана табият таануу жана педагогикалык факультеттеринде илимий китепкананын филиалдары иштейт.

Илимий китепкананын материалдык базасы жылдан жылга кенейүүдө. Илимий китепкананын фонду азыркы учурда 32550 экземплярды түзөт. Окуу залдары электрондук китептердин комплекстүү программалары менен жабдылган. Жылына жаны чыгарылган окуу,окуу усулдук жана окуу көмөкчү китептерди сатып алып турабыз.

Ошондой эле ТалМУнун профессордук окутуучулар курамы тарабынан даярдалган окуу усулдук эмгектер университеттин эсебинен чыгарылып турат. Азыркы күндө университеттин прфессордук-окутуучулар курамы тарабынан 20дан ашык окуу куралдары жана монографиялар, 200дон ашуун окуу-усулдук колдонмолор, минден ашуун илимий макалалар жарык көрүп студенттерге колдонуута берилди.

2013-жылы илимий китепкана ИРБИС программасын сатып алып,программа менен иштөөгө мүмкүнчүлүк алды. ИРБИС программасын ишке ашырууда кабинеттер заманбап талаптарга ылайыкташтырылып компьютерлер,принтер, сканерлер менен жабдылды.

Университетте окутулуучу бардык предметтер боюнча электрондук китепкана түзүлүүдө жана сырттан окуган студенттер учун дистанннтык формада билим берилүүгө кам көрүлүүдө. Мындан тышкары илимий китепканада студенттердин кызыгуусун арттырып ар кандай иш чаралар , китеп көргөзмөлөрү, окурмандардын конференциялары, тематикалык кечелер өтүлүп турат. Ар бир иш чара өткөрүүдө китепкана кызматкерлери менен кафедра окутуучулары тыгыз байланышта иштешебиз.

Мисалга алып өтсөм белгилуу инсанга кечелер жана 23-сентябрь-мамлекеттик тил күнүнө карата "Эне тилим-эне сутум" деген темада сахналаштырылган кечелер, "Өз эне тилибизди өгөйлөбөйлү" аттуу конкурстар университеттин денгээлинде өткөзүлүп турат.

Акырында айтарым илимий китепкананын Талас мамлекеттик университетинин билим берүү багытында келечекте билимдүү адистерди даярдоодо салымынын чоң экенине ишенем.